КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясынын № 50 Токтому**

**Арал айылы** **06. 08. 2024-ж.**

**«Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун**
**(COVID-19га жооп кайтаруу)**
**алкагында кошумча каржылоо» (АИД-3 КК)**
**долбоорунун алкагында**
**Каракол айыл аймагынын ишмердүүлүгү жөнүндө.**

2021-жылдын 20-октябрындагы Кыргыз Республикасынын №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, АИ-3 КК долбоорунун алкагында айылдык аймакта аткарылган иштери боюнча Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылынын АКИА АК төрайымы Кубанчбекова Бактыгүл Анарбековнанын маалымат-отчетун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. АИ-3 КК долбоорунун алкагында айылдык аймакта аткарылган иштери боюнча АКИА АК төрайымы Кубанчбекова Бактыгүл Анарбековнанын маалымат-отчету кабыл алынсын .
2. Айыл өкмөтүнүн башчысы АКИА ны жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү иш аракеттерине киргизүү жөнүндө сунуштарын даярдап берсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ф.К.Токунов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
"КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясынын**

2024-жылдын 6-августу № 176 **Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине орг техника сатып алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине орг техника сатып алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө бюджеттик комиссиянын долбоорун карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине орг техника сатып алууга 200,0( эки жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эркин каражат эсебинен каралсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КАРАКОЛСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА"** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясынын**

2024-жылдын 6-августу № 178 **Арал айылы**

Айыл тургуну Ибраимов Медеркандын Анарбайдын көпүрөсүнөн Аралды карай карай өткөн жерде Чоң-Саздын этегинен чабынды жерден ижарага жер бөлүп берүү жөнүндөгү арызын карап жана талкуулап чыгып, КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү Жобонун 2-пунктун жетекчиликке алып, Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айылындагы Анарбайдын көпүрөсүнөн айылды карай өткөн жердеги Чоң-Саздын этегиндеги № 525 контурдагы айыл өкмөтүнө тиешелүү чабынды жерден 0,50 га жер тилкесин 3 жылдан 5 жылга чейин ижарага берүү КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү Жобонун 2-пунктуна ылайык ачык тооруктун негизинде ишке ашырылсын.
2. Тооруктун негизинде ижарага берилген жерге капиталдык курулуш курууга тыюу салынсын жана жеңил конструкциядагы курулуштарды курууга макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы К.М.Мамажановдон суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА"**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясынын**

2024-жылдын 6-августу № 179 **Арал айылы**

Айыл тургуну Рыскулов Муратбектин Арал айылындагы Кара-Чокунун алдындагы токой жээктеги айыл өкмөтүнө тиешелүү чабынды жерден ижарага жер бөлүп берүү жөнүндөгү арызын карап жана талкуулап чыгып, КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү Жобонун 2-пунктун жетекчиликке алып, Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айылындагы Кара-Чокунун алдындагы токой жээктеги айыл өкмөтүнө тиешелүү № 881 контурундагы чабынды жерден 0,50 га жер тилкесин 3 жылдан 5 жылга чейин ижарага берүү КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү Жобонун 2-пунктуна ылайык ачык тооруктун негизинде ишке ашырылсын.

2. Тооруктун негизинде ижарага берилген жерге капиталдык курулуш курууга тыюу салынсын жана жеңил конструкциядагы курулуштарды курууга макулдук берилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы К.М.Мамажановдон суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КАРАКОЛЬСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги VII- сессиясынын № 180 Токтому**

**Арал айылы** **06. 08. 2024-ж.**

**Каракол айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан айылдары боюнча зоналдык коэффициентин бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан айылдары боюнча зоналдык коэффициентин бекитүү жөнүндөгү депутаттардын ой-пикирлерин сунуштарын угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 404-беренесинин 4-пунктунун негизинде жер салыгынын зоналдык коэффициенти Каракол айыл аймагы боюнча жер салыгынын жылдык коэффициенти 1 ге барабар болсун.

2. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы К.Мамажановдон суралсын .

**Төрага** **Ф.К.Токушев**